УДК 101.9(=512.154):17
DOI: 10.36979/1694-500X-2023-23-2-32-38

# ЭМПИРИЧЕСКАЯ ЭТИКА КЫРГЫЗСКИХ ЛЕГЕНДАРНЫХ МЫСЛИТЕЛЕЙ: ФИЛОСОФСКАЯ РЕКОНСТРУКЦИЯ

***Ы.М. Мукасов, О.К. Козубаев***

*Аннотация.* С позиции философской реконструкции проводится анализ морально-этических воззрений легендарных мыслителей в истории общественной мысли кыргызского народа Асана Кайгы, Токтогула Ырчы, Толубая Сынчы и Санчы Сынчы. Несмотря на то, что их мировоззрение, наполненное добродетельной этической сущностью, было сформировано в Средние века, оно оказало огромное влияние на умы их многочисленных почитателей талантов и передавалось из поколения в поколение, сохраняясь веками в народной памяти. Их творчество пронизано идеей строительства справедливого общественного строя, об этом были их чаяния и мечты. Многие провидческие философские идеи легендарных мыслителей созвучны с современными призывами и благими намерениями, связанными со строительством развитого кыргызского государства в XXI веке.

*Ключевые слова:* легендарные мыслители; кочевое общество; мораль; этика; философия; мысль; понятие; Асан Кайгы; Токтогул Ырчы; Толубай Сынчы; Санчы Сынчы.

# КЫРГЫЗДЫН ЛЕГЕНДАРЛУУ ОЙЧУЛДАРЫНЫН ЭМПИРИКАЛЫК ЭТИКАСЫ: ФИЛОСОФИЯЛЫК РЕКОНСТРУКЦИЯЛОО

***Ы.М. Мукасов, О.К. Козубаев***

*Аннотация.* Макалада кыргыз элинин салттуу руханий маданиятында жана коомдук ойлом тарыхында өзгөчө бир баскыч катары белгилүү болгон легендарлуу деп аталган Асан Кайгы, Токтогул Ырчы, Толубай Сынчы, Санчы Сынчы сыяктуу ойчулдардын моралдык-этикалык көз караштары философиялык реконструкциялоо өңүтүнөн талдоого алынат. Алардын изгилүү адеп-ахлактык маңызга каныккан, көчмөн доордо калыптанган ой толгоолору эчендеген урпактардын санаа-сезиминен, ой элегинен сыдырылып өтүп, калктын жадында кылымдап сакталып келе жатат. Алар адилеттүү коомду куруу идеясын көңүл көрөңгөлөрүндө уялатып, туу катары көтөрүшкөн. Көрөгөч көсөм ойчулдардын философиялык идеяларга карк болгон акыл-накылдары XXI кылымда өнүккөн Кыргыз мамлекетин куруу деген улуттук ураан менен үндөшүп турат.

*Түйүндүү сөздөр:* легендарлуу ойчулдар; көчмөн коом; мораль; этика; философия; ойлом; түшүнүк; Асан Кайгы; Токтогул Ырчы; Толубай Сынчы; Санчы Сынчы.

# EMPIRICAL ETHICS OF KYRGYZ LEGENDARY THINKERS: A PHILOSOPHICAL RECONSTRUCTION

***Y.M. Mukasov, O.K. Kozubaev***

*Abstract.* The article analyzes the moral and ethical views of the legendary thinkers Asan Kaigy, Toktogul Yrchy, Tolubai Synchy and Sanchy Synchy, mentioned in the history of social thought of the Kyrgyz people, from the position of philosophical reconstruction. Saturated with a virtuous ethical essence and formed in the Middle Ages, their worldviews, passing through the minds and hearts of countless generations, have been preserved in people's memory for centuries. They raised as a banner the idea of building a just social system and cherished it in their aspirations and dreams. Containing certain visionary philosophical ideas of legendary thinkers, they are consonant with the modern slogan about the construction of a developed Kyrgyz state in the XXI century.

*Keywords:* legendary thinkers; nomadic society; morality; ethics; philosophy; thought; concept; Asan Kaigy; Toktogul Yrchy; Tolubai Synchy; Sanchy Synchy.

Протофилософиялык аңыздык (мифологиялык) аң-сезимдин эпистемологиялык концепциясы негизинен коомдук дүйнөнүн кубулуш-көрүнүштөрүн белгилүү бир даражада баалуулук-ойломдук өңүттөн акыл-эс элегинен өткөрүп турган. Реалдуу коомдук мамилелер эпистемологиялык жактан семантикаланып жашоонун ар бир көз ирмемин белгилүү бир этикалык принциптердин, нормалардын алкагында жөндөп-тескеп жолго салган. Ал принциптерди, нормаларды бузуу бейтартиптик, бейадептик катары бааланган. Мындай катаал моралдык-этикалык канондор (кодекс) кайсыл гана цивилизация болбосун баарына мүнөздүү болгон жана алардын кайсынысы болбосун окуп-үйрөнүүгө татыктуу. Анын ичинде көчмөндөр цивилизациясынын маданий-аңыздык, адеп-ахлактык мурастарын окуп-үйрөнүүдө да зарыл. Себеби, мораль – коомдук аң-сезимдин формаларынын ичинен тарыхый жаралуу мезгили боюнча эң алгачкы болуп калыптанган жана универсалдуу [1, 80-б.]. Жашоонун, коомдук мамилелердин номаддык этикалык норма, эреже, тартиптеринин автономдук ордун тастыктоо менен алардын философиялык маңызын биле алабыз.

Сансыз кылымдар бою көчмөндүк жашоону башынан кечирип келген (көчмөндүктүн жашоо-турмуштагы айрым элементтери илимий-техникалык деп аталган азыркы доордо да бар) кыргыз элинин философиялык-этикалык мурастарын окуп билүүдө илимде легендарлуу деп аталган ойчулдардын өзгөчө орду бар. Алар – Асан Кайгы, Толубай Сынчы, Токтогул Ырчы, Санчы Сынчы, тарых барагына үңүлсөк легендарлуу деп шарттуу түрдө аталган бул акылмандар XIV–XVI кылымдарда жашап өтүшкөн [2, 725-б.]. Булардын адеп-ахлактык маңызга каныккан ой толгоолору эчендеген урпактардын санаа сезиминен, ой элегинен сыдырылып өтүп, калктын жадында кылымдап сакталып келе жатат. Алардын акылман сөздөрүндө, элдин көкөйүндө орногон ойлуу, сырдуу накылдарында калктын эзелки эрмеги менен эрдиги, акылы менен арманы, турмушу менен салт-санаасы, нарк-насили айтылат.

Ошол аты аңызга, легендага айланган акылы артык даанышмандардын бири Асан Кайгы. Анын жашап өткөн доору, жогоруда айткандай, XIV кылым. Мындай айтууга айрым негиз бар. Казак элинин көрүнүктүү жазуучусу Ильяс Есенберлиндин “Алтын ордо” аттуу романында Жаныбек хан менен Асан Кайгынын жолугушуусу 1350-жылы озгун ойчулдун карыялык курагында өткөндүгү айтылат [3, 121–127-бб.]. Бул маселеге атайын көңүл бурганыбыз легендарлуу деп айтып жаткан ойчулдарыбыз такыр эле атыжыты жок ойдон чыккан бир көлөкө эмес, тарыхта таамай изин калтырган белгилүү инсандар болгон го деген божомолго да негиз жок го деп ойлойбуз. Ал эми аңызга (легендага) алардын санаттары айланган. Бекеринен Ч. Валиханов Асан Кайгыны “Эл эсинде эскирбей сакталган көчмөн философ” [4, 317-б.], – деп айтпагандыр.

Кыргыз, казак, каракалпак, башкыр, ногой журтчулугуна тең орток акылман Асан Кайгынын философиялык көз караштары дээрлик этикалык мазмунда калыптанган [5, 32-б.]. Анткени ошол көчмөндүк доордогу оң көзүң сол көзүңө жоо болуп, айрыкча феодалдык төбөлдөрдүн, хандардын ата баласына, бала атасына жоо болуп, жашоонун наркы кылычтын мизи, найзанын учу менен бааланып турган заманда эл тагдыры менен жер тагдыры туташ биримдикте каралып, алды менен коомдук мамилелер адеп-ахлактык нарк-насилдер менен бааланган. Башкача айтканда, социалдык болмуштун практикалык жагы көбүнесе этикалык нормалар менен жөндөлүп, тескелип турган [6, 62-б.]. Чындыгында эле көчмөн кыргыз коомунда мораль коомдук аң-сезимдин негизги формасы катары аң-сезимдин укук, дин сыяктуу формаларына караганда коомдук мамилелерди жөндөп тескөөдө салттуу түрдө негизги болгон. Мындай көрүнүш ошол доордун социалдык-императивдик талаптары менен шартталган. Адеп-ахлактык “адам бол”, “улууга урмат, кичүүгө ызат” деген сыяктуу императивдик талаптар коомдук өнүгүүнүн жакшы жана жаман жактарын, коомдогу адилеттик жана адилетсиздик, теңдик жана теңсиздик сыяктуу көрүнүштөрдү Асан Кайгы сыяктуу акылмандардын оозу менен айтып дүйнөгө болгон жалпы элдик түшүнүк, көз караш калыптанган. Асан Кайгынын бизге жеткен санаттарында кыргыз элинин жалпы философиялык-этикалык өңүттөгү көз караштары тастыкталган [6, 63-б.]. Ал санаттарда адам, коом, жакшылык, жамандык

тууралуу күнүмдүк салттуу жашоодогу практикалык моральдын нормалары чагылдырылган. Асан Кайгынын “этикалык ой пикирлери анын чыгармачылыгында жогорку адеп-ахлактык идеалга, моралдык ишенимге негизделген деп айтууга мүмкүндүк берет” [7, 146-б.].

Асан Кайгынын этикалык эмпирикасынын өзөктүү бир көрүнүшү бул кимге же эмнеге гана болбосун багытталган боорукердик. Ушул жерден Асан Кайгынын философиялык-этикалык дүйнө карашынын универсалдуулугу тууралуу айтпай коюуга болбойт. Дал ушул боорукердик түшүнүгү аркылуу акылмандын дүйнө түшүнүгүнүн объекти бул бир гана адам эмес, жалпы курчап турган дүйнө экендигин көрөбүз. “Асан Кайгынын көркөм туундулары... маани-маңызы жагынан аларды тунук акыл ойдун (прагматизмдин), чындык менен боор толгоонун философиясы деп айтсак болот” [8, 101-б.]. Тарыхтын кайсыл бир жылында ак жайдын күнү калың мөндүр түшүп, каз-өрдөк уча албай, мал жер тээп оттой албай, жер бетин муз каптап, жут болуп калганда Асан Кайгынын кейигени:

Куйругу жок, жалы жок,
Кумда туулуп, чөлдө өскөн,
Кулан байкуш кантти экен?
Боорунда буту жок,
Жылан байкуш кантти экен? – деп жан-жаныбардын баарын санап келип,
Оокат кылаарга эри жок,
Жесир байкуш кантти экен?
Асыраарга ата жок,
Жетим байкуш кантти экен?
Жармач эле малы жок,
Жарды байкуш кантти экен [2, 514–515-б.]? – деп адам баласынын тагдырына боор толгоп, эзүү тартат. Мунун өзү аалам менен адамдын тагдыр дараметин бир бүтүндүктө караган мегаэтиканын элементтеринин Асан Кайгынын дүйнө түшүнүшүндө камертон болуп сызылып өткөндүгүн көрсөтөт.

Асан Кайгынын санаттарынан көрүнүп тургандай, боорукердик анын дүйнө карашынын жашоодогу, болумуштагы жалгыз эле этикалык субстанциясы эмес [6, 67-б.]. Ал өзүнүн ой санаасында жашоодогу изгиликтин (добродетель) изин кубалап отуруп маанилүү болгон көп жагдай-көйгөйлөргө көңүл буруп саресеп салат. Ошонун биринде акылмандын жашоодогу ар кандай нерсенин баасы анын кандай пайда бере-ри менен нарктала деген тезасы:

Башын байлап барбаса,
Баатырлыктан не пайда?
Калкка кайыры тийбесе,
Байлыгыңдан не пайда?
Калыстыгың болбосо,
Акимдигиң не пайда [2, 507-б.]? – деп “не пайда?” деген универсалдуу бир суроону коюп, көп палитралуу дүйнөнүн бир бүтүндүгүн, бирок кумай иттен тартып карыяга чейин ар нерсенин жана ар кимдин өз орду, милдети бар экендигин айгинелейт. Асан Кайгы адилеттик, канагаттандык (каниетчилик), жөнөкөйлүк сыяктуу адеп-ахлактык касиеттерге да көп маани берген. Акылмандын негизги моралдык кредосу “башкага зыяныңды тийгизбе”, “бирөөгө жамандык кылба” деген тариздеги дүйнөлүк жалпы адамзаттык этикалык изгилүү императивтердин талаптары менен үндөш. Мисалы, Асан Кайгынын каниетчилик тууралуу айткандары:

Аргымакты жаман деп,
Бууданды кайдан табасың?
Агайынды жаман деп,
Тууганды кайдан табасың?
Аз оокатты жаман деп,
Көптү кайдан табасың [2, 509-б.]?

Бул саптарда кеменгер ойчул бар нерсенин кадырына жетип, канагаттанып жашоонун баалуулугун барктайт.

Асан Кайгынын коомдук философиялык сентенциялары жөнүндө айтканда, аны тек гана бир өз алдынча каңгып жүргөн дервиш катары элестетүү мүмкүн эмес. Аны өзү жашап турган коомдогу оош-кыйыш мамилелер түйшөлтүп, сар-санаага салган. Акылмандын кылымдарды кезип эл эсинде сакталып калган санат-насыяларынын “өзөктүк проблемасы болуп коомдук-саясий жана моралдык-тиричиликтик маселелер эсептелген санаттар менен термелердин бүтүндөй бир түрмөктөрү бар. Даанышман адамдарды бири бирине күйүмдүү, боорукер болууга бир туугандарча жана ынтымак-ырашкерликте жашоого чакырат. Адамдар ортосундагы касташуулар, уруулаштар жана бөтөн элдер ортосундагы жаңжалдар менен согуштар акынды өзгөчө кайгы-муңга салат” [8, 103-б.]. Өзү жашаган

доордогу калктын арман-тилегинин, кайгы-кубанычынын күбөсү болуп, хан баш болгон эл жакшыларынан запкы жеп, жабыр тарткан азган-тозгон карапайым элдин тагдырын көп ойлогон Асан Кайгы. Акылмандын түшүнүгү боюнча, карапайым калктын оор турмушунун башкы себеби – хан бийлердин таш боордугу. Ушул себеп социалдык теңсиздиктин, адилетсиздиктин, калыссыздыктын, башкача айтканда, эл башына түшкөн жамандыктын башкы булагы. Теңсиз жашоо, албетте, коомдук мамилелердеги адеп-ахлактын, кулкмүнөздүн терс өзгөрүүсүнө (бузулушуна) жол ачаарын даанышман ойчул даана билген.

Жаныбек ханга акылмандын айтканы:
Чабылып жаткан калкың бар,
Аймагың көздөп көрбөйсүң.
Кымыз ичип кызарып,
Мастанып кызып тердейсиң.
Кызматчың жатат ичип-жеп,
Аны неге билбейсиң [2, 510-б.]?

Айтылган саптардан көрүнүп тургандай, Асан Кайгы эл башкарган төбөлдөр төмөнкү журтка адилет, калыс болгондо гана кой үстүндө торгой жумурткалаган заман болоорун туюнтат. Сырттан жоо алып, ичтен доо алып турган, хан-бийлердин катаал эзүүсүнөн тукулжурап турган чалкеш заманда канткенде калктын жашоосу, демек, адеп-ахлагы, пейил-ниети оңолот деген ойго терең баткан Асан Кайгы:

Тулпар минип туу алып,

Чалкып жатса кайран эл [2, 515-б.], – деп жер кезип мал-жанга жайлуу конуш издеген. Хан ордосу – эл ордосу деп билген даанышман көчмөн жашоодо хандык жайыттуу жерге жайгашса, жалпы журттун жашоосу оңолоор беле деген үмүттүү ишенимде болгон.

Демек, аты аңызга айланган Асан Кайгынын философиясы – бул адам баласындагы жакшы жана терс моралдык сапаттардын, тагыраак айтканда, боорукердик менен ташбоордуктун, адилеттик менен адилетсиздиктин, жакшылык менен жамандыктын антитезасы. Жан-жаныбардан тартып адам баласына чейин жакшылык тилөө (любовь к ближнему) – даанышмандын ой толголорунун моралдык квинтэссенциясы. Анын көз карашында, коомдук мамилелердин гармониясы, адамдардын социалдык тегине карабай бири бирин тең ата урматтоосу – бул жакшылык, ал эми сараңдык, текеберчилик касиеттер – булар жамандык. Бардык жан-жаныбарга жакшылык тилеп, мээримдүүлүк менен мамиле кылуу Чыгыш менен Батыштын көптөгөн салттуу философиялык агымдарына мүнөздүү болгон. Ошентсе да мындай көз караш Асан Кайгынын дүйнө түшүнүүсүндө өзгөчө гуманисттик рефрен болуп өтөт. Асан Кайгынын оюу боюнча, коомдогу боорукер жана кайрымдуу мамилелер гана бейпил жашоонун биринчи себеби боло алат. Адамдардын социалдык тегине карабай бири бирине жасаган кайрымдуу, боорукер мамилеси гана бейпил жашоого жеткирет. Акылмандык көз карашы боюнча, бирөөгө текеберленбеген, тыңсынбаган адам – жакшы адам. Андан баары үлгү алуу керек. Ал эми сырткы жоолошуу, ички социалдык теңсиз мамилелер – жамандыктын себепкерлери. Андыктан тынч жашоо, социалдык жактан тең укуктуу мамилелер – коомдогу бейпил жашоонун бирден-бир урунттуу себеби.

Элдик аңыздын фабуласынан алганда, Асан Кайгынын универсалдуу гуманисттик пафоско жык толгон ой толгоолору дүйнөлүк философиялык мурастардын катарында түбөлүккө жашай берет деген ишеничибиз бекем.

Кыргыздын легендарлуу ойчулдарына жалпы мүнөздүү болгон бир касиет – бул алардын ой толгоолорунда адеп-ахлак, жакшылык-жамандык, адилеттик-адилетсиздик сыяктуу этикалык маңыздуу теманын бир бүтүн платформа болуп тургандыгы [5, 9-б.]. Дал ошол этикалык нарк-насил боюнча алардын көз караштары бири-бири менен үндөшүп, туташ байланышты түзүп турат. Анын себеби алар жашап өткөн доордун жалпылыгында, коомдук өнүгүүнүн мыйзам ченемдүүлүктөрүнүн бир бүтүндүгүндө. Алар – көчмөн турмушка негизделген феодалдык коомдук-экономикалык, саясий-социалдык, руханий-моралдык мамилелер.

Аты аңызга айланган кыргыз элинин көөнө тарыхында көп кылымдардан бери унутулбай айтылып келе жаткан ысымдардын бири – Токтогул Ырчы. Уккан уламыштарга караганда, ал Жаныбек хандын ордо ырчысы болгон, жашап өткөн доору – XIV кылым [9, 28-б.].

Токтогулдай ырчы бол,

Толубайдай сынчы бол, – деген учкул сөздүн сакталып калгандыгына караганда, ал от

оздуу, орок тилдүү ак таңдай акын болгондой. Сан кылымдар өтсө да анын ырларынын саркындылары ушул күнгө чейин жетип отурат.

XVI кылымда Хива хандыгын башкарган Абул-Газы Бахадурдун маалыматы боюнча, мусулман мамлекет башчыларынын ичинен Жаныбек хан өз ордосунда ошол замандын алдыңкы ойчул окумуштууларына орун берип, аларга ар тараптан сый-урмат көрсөтүп турган [5, 17-б.]. Бирок өз доорунун деспот башкаруууучусу катары букара калкка катаалдыгын койгон эмес. Бекеринен Токтогул ырчы ханга карата:

Адилет ишке барбадың.
Эр өлтүрүп кун бербей,
Талап алып пул бербей
Канкорлугуң арбыды [5, 17-б.], – деп карапайым калкты эзгендигин саймедиреп айтпагандыр. Токтогул Ырчы ошол заманда кыргыздарды башкарып турган Кудаян хандын бийлигине карата да ушундай эле курч ойлорун айткан. Мындай ырлары менен Токтогул Ырчы өз доорундагы саясий-социалдык, философиялык, социалдык-этикалык аң-сезимдин калып таанышына кабалтең таасир берген. Айрыкча бийликке чиренген хан, бийлердин адилетсиздигин ашкерелөө менен ал өзүнүн моралдык көз караштарын ачык туюнткан.

Байкалып тургандай, легендарлуу ойчулдар бардыгы бир типтеги коомдук түзүлүштө жашагандыктан алар ошол коомдук болумуштун эң көйгөйлүү, түйүндүү болгон маселелерине сарсеп салышкан. Асыресе, алардын көңүл борборунда адам турган, анын тагдыры жакшы же жаман, адилеттүү же адилетсиз болмогу. Башкача айтканда, бардыгы айланып келип моралдык-этикалык императивдерге келип байланышкан. Адам ким жана анын жаралгандан тартып жашоосу эмнеге багытталуусу зарыл? Ушул суроого ойчулдар бир оздон адамдын жашоосу жакшылыкка гана арналуусу зарыл деп жооп берет.

Кыргыздын легендарлуу деп аталган көрөгөч акылмандарынын арасынан, албетте, Толубай Сынчынын атын атабасак болбойт. Уламышка таянсак, XIV–XV кылымдарда жашап өткөн акылман, чечен, андан калса теңөөгө теңдеши жок саяпкер [2, 725-б.]. Жортуулчул көчмөн заманда ат адамдын канаты деген сөздүн онтологиялык маңыз мааниси өзгөчө нарктуулукка ээ болгон. Анын Алтын ордо ханы Жаныбек менен болгон карама-каршылыгы жана ат туягынын изин гана көрүп, кандай ат экендигин баамдай билген көрөгөч саяпкерлиги кары-жаш дебей эл оозунда аңыз сөз болуп айтылат. Аты аңызга айланган Токтогул Ырчынын Жаныбек ханга кайрылып айтканына караганда анын жакын тууганы болгон.

Толубайга жапжакын,
Тууган элем Токтогул.
Айрылып калдым жете албай,
Агам Толубай жакындан [2, 504–505-б.], – деп айтылат. Токтогулдай Ырчы бол, Толубайдай Сынчы бол деген накыл кеп бекеринен ушул күнгө чейин жетпегендир.

Каардуу бийликтин капшабына кабылган Толубай Сынчынын хан жардыгы менен көзү оюлуп, азиз болуп калган. Бирок, ошого карабастан, Толубайдын сезим-туюму курчуп, жашоонун ар кандай кырдаалын ал кыраакылык менен байкап, ар нерсени акылга салып, адилет баасын издеген. Ошондон улам андан адам акылынын асыл туундусу катары маржандай болгон акылман сөздөрү калган. Анын эң алды менен эңсеп көксөгөнү адамдардын ортосундагы адилет мамиле болсо деген тилеги болгон. Ошондуктан ал:

Эркелеткин жетимди,
Какпа, сокпо жесирди [2, 506-б.], – деп кимди гана болбосун адамгерчиликке чакырып үндөгөн. Албетте, Толубай Сынчынын акылмандыкка, көрөгөчтүккө карк болгон улуу касиеттеринде элдик эмпирикалык философиянын өзөктүү үлгүлөрү чагылдырылып тургандыгында шек жок. Ал өзүнүн чексиздикке умтулган акыл-парасаты менен жакшы менен жамандын айырмасын айныбай аңдап билген. Анын табияттан берилген тунук акылы аркандай кубулушту, адамдар ортосундагы мамилелерди сын көз менен карап балоого жеткен. Арийне, анын мындай жөндөмдүүлүгү көп кылымдык элдик синкреттүү философиянын кайнар булагынан наар алган. Андан да өзгөчө бөлүп айтуучу маселе – Толубай Сынчынын да акылмандуулугунун башкы темасы жакшылык-жамандыкка, адилеттик-адилетсиздикке байланыштуу болгон.

Жакшы болчу жигиттер
Алсыздарга карашат.
Жаман болчу жигиттер

Тууган менен касташат [2, 506-б.], – деген сынчы жакшылык менен жамандыктын айырмасын ачыктайт. Бул сөздөрү менен Толубай Сынчы адамдын жакшы сапаттары боорукердикке, кайрымдуулукка жол ачаарын белгилейт. Бардык адамдардын теңдикте жашоосун көксөгөн акылман сынчы коомдук турмушту бир бүтүн этикалык организм [6, 70-б.] катары кабылдаган. Ошондуктан ал ырыс алды – ынтымак [2, 506-б.], – деп жалпы журтту ынтымакчылыкка чакырган, ынтымакчылык барчылыкка, токчулукка жеткирээрин, ал эми ынтымаксыздык жокчулукка, апаатка алып келээрин айтат. Негизинен, Толубай Сынчынын адам баласын жакшылыкка, ынтымакчылыкка, адилеттүүлүккө үндөгөн философиялык маңыздагы ой толгоолору дүйнөлүк этикалык илимде байыртадан белгилүү болгон гедонисттик этикалык элементтери бар экендигин айгинелейт. Жаман күн жакшы болот [2, 506-б.], – деп көрөгөч сынчы өз журтун келечекте жакшы бакубат жашоого үндөгөн.

Легендарлуу ойчулдардын катарында Санчы Сынчынын аты да аздектелип айтылып жүрөт. Санжыра боюнча солто уруусунан болуп, XVI–XVII кылымдар аралыгында жашап өткөндүгү айтылат [2, 726-б.]. Ал сөзгө чечен, ал жак, бул жагын байкап-баамдап туруп кимдин ким экендигин, ким болоорун таасын айткан көрөгөч сынчы, көөдөн көрөңгөсүндө элдик нарк-насилди, каада-салтты кастарлап, кадырлаган акылман ойчул болгон. Ал күн эсеби менен ай эсебин жүргүзүүнүн элдик астрономиялык формуласын таамай билген ойлом логикасында, азыркыча айтканда, дедуктивдүү-индуктивдүү ыкмаларды билгичтик менен колдоно билген адам болгон [5, 43-б.].

Санчы Сынчынын дагы бир көрөгөч касиети – ал ар кандай адамдын келечегин айтып, сын баасын бере алган. Ошондуктан эл ичинде ал алдын ала айта билген олуя атанган. Албетте, ал адамдын кулк-мүнөзүн, жүрүм-турумун баалаганда анын адеп-ахлактык, адамгерчилик, адилеттик сыяктуу моралдык нарк-насилди камтыган касиеттерине да өзгөчө баа берген.

Өзүнө чейинки ойчулдарга караганда, Санчы Сынчынын социалдык көз караштары курч мазмундуулугу менен айырмаланат. Мындай мазмун анын хан Кудаянга карата айтканында даана чагылдырылган. Өз бийлигине чиренип, текеберсинген Кудаян Санчы Сынчыны өзүнө алдырып:

Сынчы экениң чын болсо,
Сынагын мени деп айтат.
Баатырмынбы, эрминби,
Адамдан башка шерминби,
Акылым артык кеңминби [2, 517–518-бб.]? – деп сынчыны кыстоого алганда:

Кой-кой десем болбойсуң,
Компондогон Кудаян,
Ушу сенин тушуңда,
Журт бузулат ушунда.
Калың кыргыз бузулат,
Качып, бозуп кысылат.

Калкка тиет кесириң [2, 518-б.], – деп Кудаян хандын акчыланган талабына жооп берген. Бул жерде эл арасында бекем карманган кыргыздын салттуу нарк-насилин эске албай, өзүнөн башка эч кимди көзгө илбей, теңсинбей, текеберленген адамгерчиликке жат кылык-жоругунун терс мааниси айкын көрүнүп турат.

Негизинен айтканда, легендарлуу деп аталган орто кылымдарда жашап аткан кыргыз ойчулдарынын дүйнө түшүнүүсүндө философиялык угуттун болгондугу талашсыз. Буга айкын мисал катары Толубай Сынчынын: “өткөн өмүр – аккан суу” [2, 506-б.], – деп айткан учкул сөзүн айтсак болот. Социалдык жактан алардын эңсегени – калктын бардарчылыкта жашаган бейпил турмушу. Ал эми адамгерчилик, адеп-ахлак жагынан алганда, алар жакшылык, адилеттик сыяктуу этикалык идеалдуу нормаларды туу тутушкан. Алар адилеттүү коомду куруу идеясын көңүл көрөңгөлөрүндө уялатып, көкөлөтүп көтөрүшкөн. Анткени моралдык-этикалык ойломдун өнүгүү эволюциясы – мыйзамченемдүү тарыхый процесс [10, 31-б.]. Демек, легендарлуу ойчулдардын адилеттик деп эңсеген угуттуу улуттук идеалдары азыркы Кыргызстан мамлекети, калктын биримдиги үчүн өзгөчө маанилүү. Көрөгөч көсөм ойчулдардын философиялык идеяларга карк болгон акыл-накылдары XXI кылымдагы өнүккөн Кыргыз мамлекетин куруу деген улуттук ураан менен жуурулушат. Эл мүдөөсүн көздөгөн мыйзам үстөмдүгү, бийликтин калк алдындагы жоопкерчилиги бекем болгон коомдо гана адилеттиктин үстөмдүгү болот.

Поступила: 31.10.22; рецензирована: 15.11.22; принята: 18.11.22.

***Адабияттар***

1. *Козубаев Ө.* Кыргыз элинин этикалык ойлом тарыхын таанып билүү / Ө. Козубаев. Бишкек, 2019.
2. Кыргыз поэзиясынын антологиясы. Бишкек, 1999. 1-т.
3. *Есенберлин И.* Алтын ордо / И. Есенберлин. Алматы, 1987. 1-т.
4. *Валиханов Ч.* Избранные произведения / Ч. Валиханов. Алма-Ата, 1958.
5. *Байбосунов А.* Философские воззрения легендарных мыслителей / А. Байбосунов. Бишкек, 2001.
6. *Аманалиев Б.* Из истории философской мысли кыргызского народа / Б. Аманалиев. Фрунзе, 1963.
7. *Мукасов Ы.* Кыргыз элинин философиялык ойломунун тарыхый динамикасы / Ы. Мукасов. Бишкек, 2004.
8. *Эркебаев А.* Кыргыз адабиятынын аз изилденген барактары / А. Эркебаев. Бишкек, 2004.
9. *Мамыров М.* Кыргыз адабиятынын тарыхынан / М. Мамыров. Фрунзе, 1980.
10. *Мукасов Ы.М.* Мировоззренческая сущность кыргызских мифов / Ы.М. Мукасов. Бишкек, 2018.